**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "02" сентября 2019 ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, доцент Г. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Кара-Кулжа районунун стоматологиялык поликлиникасы жетекчиси Жусупов Замирбек Сейтниевич

Мындан ары "Дарылоо мекемеси", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. № 425 токтомуна ылайык "Өндүрүштүк жана квалификациялык практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

## 1. "ОшМУ" милдеттенет:

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала дарылоо мекемесине сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Факультет, колледждердеги студенттерди адистике калыптандыруу менен илимий усулдук семинарларды дарылоо мекемеси менен биргеликте уюштуруп өткөрөт.

## 2. "Ишкана" милдеттери:

2.1. ОшМУнун Медицина, эл аралык медицина факультеттеринин жана медицина колледжинин студенттерине практикадан өтүү үчүн календардлык планга ылайык 15 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Медицина, эл аралык медицина факультеттеринин жана медицина колледжинин студенттерине дарылоо мекемелеринин ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

Сканировано с CamScanner

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушуна жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Дарылоо мекемеси студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопт уу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Дарылоо мекемеси" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20 19 -жылдын 02 09 2024 -жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Дарылоо мекемесинде" сакталат.

Ош мамлекеттик университети
723510 Ош шаары Ленин көч.331
ИНН 0207199610017
**ОшМУнун ректору,**
**доцент К. Г. Кожобеков**

Тараптардын дареги
Кара-Кулжа р-н
с. Кара-Кулжа
ул. Жылтыров 17.
гл. вр. Жусупов З.С.